**Ак- тилек жалпы билим берүү орто мектебинин материалдык-техникалык базасы боюнча маалыматы.**

Ак-Тилек ЖББ орто мектебинин материалдык –техникалык базасы боюнча төмөндөгүдөй маалымат берилет.Мектеп эки имараттан турат;эски жана жаңы. Мектептин эски имаратты типтүү эмес,анда класс -кабинеттер жетпегендиктен 2019-жылдын 22-ноябрынан баштап 2020-2021- окуу жылынын август айында кошумча корпус курулуп бүткөн,ал корпус башталгыч класстары үчүн ылайыкталып бардык шарты бар :4-класс кабинет,1 компьютердик кабинет,китепкана,мугалимдер бөлмөсү,ашкана,окуучулар жана мугалидер үчүн дааратканалар,ар бир кабинетте аристон коюлуп,кол жуучу суу түтүктөрү орнотулган.

2021-2022-окуу жылында эски корпус капиталдык оңдоо-түзөөгө берилип, бүгүнкү күнү аяктап жатат,бул имаратта 7 окуу кабинети,1 кружок кабинети камтылган.Мектепте заманбап ички жана сырткы даарактa бар.Ашканада туура тамактануу үчүн бардык санитардык-гигиеналык шарттар түзүлгөн:кол жуучу 2 суу түтүгү,2 кол кургатуучу желдеткич,кол кургатууга кагаз салуучу кутуча,ысык жана муздак суу .

Китепкана фондусун жалпы 2361 китеп түзөт,анын ичинен 1415 окуу китептер.

Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо жана өрт коопсуздугу боюнча ӨКМнын 2018-жылдын 10-сентябрындагы № 255 корутундусуна ылайык өрткө каршы сигнализация,7 шкаф-гидрант коюлган,аларды суу менен камсыз кылуучу атайын насостор орнотулган,эвакуациалоо пландары бар,план боюнча атайын эвакуациялоо боюнча машыгуулар өтүлүп турат.

10 видео байкоо,кире бериш пандус менен камсыздалган . Санитайзер, дизковрик, тепловизер фильтрация журналдары уюштурулган.

2017-2018 окуу жылы Мерсико уюму тарабынан мектептин 0,40га жерине алма бак эгилип азыркы күндө мөмө бере баштады,ушул эле уюм тарабынан күн жана электроэнергия менен иштеген как кургатгыч,чөп чабуу триммер,ашканага стол 8 комплект,4 мискей,муздаткыч,нан жана тамак бышырган печка,камыр жууручу машина,2 идиш коючу стеллаж,2 көздү идиш жуучу ванна берилген.

Айыл өкмөт тарабынан мектеп спорттук шаймандар (топ,шахмат,шашки,обруч,скакалка,тогуз коргоол) менен камсыздалат,бир жылда бир мугалимдерге эки миң сом өлчөмүндө коммуналдык төлөмдөр берилет.

Мектеп интернет менен камсыздалган.

Азыркы учурдагы эң көйгөйлүү маселебиз спорт залдын жоктугу,учурда материалдык-техникалык базаны чыңдоодо эң негизги максатыбыз спорт зал куруугa проекттер,демөөрчүлөр менен иш алып баруу жана китепкана фондун көбөйтүү.